*1-тиркеме*

**БЕКИТЕМ**
**ТалМУнун ректору**
**А.Ш.Упенов________**
**“_18_”__01__2021-жыл**

**2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде аралаш (гибриддик) окутуу формасында ТалМУдагы окуу процессин уюштуруунун алгоритми**

Бул алгоритм ТалМУнун жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча аралыктан окутуу (онлайн) процессинен реалдуу режимдеги (офлайн) салттуу окутуу процессине өтүү учурунда коронавирус инфекциясынын жайылышына карата алдын алуу боюнча сунуштарды да камтыйт.

***I. Окуу процессин уюштуруу*:**

1. Толугу менен салттуу формадагы (офлайн) окутууну уюштурууга даярдоонун бардык багыттары жана адистиктери боюнча бүтүрүүчү курстардын студенттери үчүн уруксат берилет

2. Даярдоонун багыттары жана адистиктери боюнча 1,2,3-курстардын студенттери (бүтүрүүчү курстан тышкары) үчүн окутуу процесси төмөнкү алгоритмди сактоо менен аралаш окутуу формасында уюштурулат:

- окуу планынын бардык циклдериндеги дисциплиналар боюнча **лекциялык сабактар** аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан онлайн окутуу режиминде өткөрүлөт;
- бакалаврларды жана колледждин адистерин даярдоо багыттары боюнча **“гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдин”** дисциплиналары боюнча студенттердин практикалык сабактары аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен (АБН, Zoom, WhatsApp ж.б.) онлайн окутуу режиминде өткөрүлөт;
- атайын окутуу-методикалык материалдарды, жабдууларды жана шаймандарды колдонуу менен контакттуу окутуу талап кылынбаган “математика жана табигый илимдер циклинин” дисциплиналары боюнча практикалык жана лабораториялык сабактар алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт, ал эми контакттык окутуу талап кылынган учурда салттуу режимде өткөрүлөт;
- “Кесиптик (профессионалдык) циклдин” дисциплиналары боюнча практикалык-лабораториялык сабактар жана окуу планында каралган практиканын бардык түрлөрү адистиктин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен тандалып алыстан окутулат, же салттуу формада да уюштурулат.

3. Окутууну салттуу форматта уюштуруу учурунда окуу жайдын ичинде бир убакытта студенттердин саны минималдуу болгондой кылып, окуу сабактарынын ийкемдүү ырааттамасы (расписаниесин) түзүлөт. Тандоого ылайык студенттердин контингентине жараша сабактарга келүүсү аныкталып-такталган күндөрү менен 2 сменге бөлүштүрүүгө жол берилет.
4. Чоң группаларды социалдык аралыкты сактоо шартында бир аудиторияда 15-20 студенттен ашпагандай кылып бөлүштүрүү сунушталат.
5. Танапис учурунда студенттердин баарлашуусун минималдаштыруу боюнча чараларды көрүү, коридорлордо, имаратка кире бериш жерде жана аудиторияда студенттердин топтолуусуна жол берилбеши зарыл.
6. Студенттердин ар түрдүү топторунун арасында массалык иш-чаралар өткөрүлбөшү керек.
7. Студенттердин арасында COVID-19 инфекциясын алдын алуу чараларын сактоо боюнча маалыматтык иштерди жүргүзүү (лекциялар, видео роликтер, материалдар университеттердин сайтында жана маалыматтык такталарында жайгаштыруу) зарыл.
8. Авиакаттамдар калыбына келбеген же “чек аралар ачылбаган” чет өлкөлөрдүн жарандары болгон студенттер үчүн барып келүүдөгү чектөөлөр алынганга чейин окутуу аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде уюштурулат.
9. Чет өлкөлөрдүн жарандары болуп эсептелген студенттерге окуу процессине салттуу катышуу үчүн COVID-19 илдетине карата ПЦР-анализге текшерүүнүн жыйынтыгы таза болгон учурда гана уруксат берилет.

***II. Экзамендик сессияларды жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекетик аттестациясын өткөрүү***

1. 2-курстун студенттери үчүн “Кыргызстан тарыхы”, “Кыргыз тили жана адабияты” жана “Кыргызстандын географиясы” боюнча комплекстүү мамлекеттик экзамен аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен алыстан онлайн режиминде өткөрүлөт.
2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы салттуу форматта өткөрүлөт.
3. Жыйынтыктоочу лекциялар жана консультациялар кафедралардын тандоосу боюнча аралыктан же салттуу форматта өткөрүлөт.
4. Студенттер үчүн катардагы экзамендик сессиялар төмөнкү алгоритм боюнча уюштурулат:
- “Гуманитардык жана социалдык-экономикалык циклдин” жана “Математика жана табигый илимдер циклинин” дисциплиналары боюнча аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде өткөрүлөт;
- “Кесиптик (профессионалдык) циклдин” дисциплиналары боюнча жыйынтыктоочу экзамендер салттуу форматта өткөрүлөт.

***III. Окуу имараттарындагы санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди сактоо иш-чаралары:***

| **Иш-чаралар** | **Иш-чараларды аткаруу шарттары** |
|---|---|
| “Кирүү фильтрин” уюштуруу | 1. Окуу процесси жүргүзүлгөн ар бир окуу корпусунун (№1, 3, 4, 5) кире бериш жеринде атайын “кирүү фильтри” |

| | |
|---|---|
| | уюштурулуп, ал жерде колду дезинфекциялоо үчүн антисептиги менен санитайзер жана электрондук термометр менен (контактсыз) жабдылышы керек;<br>2. Окуу имараттарындагы кире бериш жериндеги “кирүү фильтрине” жооптуу адам (вахта кызматкерлери, дежур мугалимдер):<br>- имаратка кирген бардык адамдардын дене табын контактсыз түрдө өлчөп турат;<br>- кирген адамдарда жөтөлдүн, энтигип дем алуунун, сасык тумоонун болуусуна байкоо салып, андай белгилер байкалганда ал жөнүндө кыскача сураштырат;<br>- имаратка кирүү учурунда адамдардын ортосундагы 1-1,5 метр физикалык аралыктын сакталышын камсыздап эскертет;<br>- дене табы жогору болгон же инфекциянын белгилери бар адамды аныктаганда андан кичипейил жана сылык формада имараттын ичине кирбөөсүн жана окуу жайдын дарыгерине, же атайын колл-борборго кайрылууну сунуштайт. |
| Беткап тагынуу режими | 1. Ар бир окутуучуга, кызматкерге жана студентке окуу имаратына беткапсыз кирүүгө жана ичинде, аудиторияда беткапсыз жүрүүгө катуу тыюу салынат;<br>2. Беткапты оозду, мурунду жана ээкти жапкандай кылып тагынуу зарыл;<br>3. Беткапта мурундун тегерегинде тигилген ийкемдүү пластина болсо, беткап менен бетти толугу менен жабуу учүн аны мурундун кырына бекем кысуу зарыл.<br>4. Беткапты улам-улам ашыкча кармалай берүүдөн алыс болуу сунушталат жана беткапты кармагандан кийин колду антисептик менен дезинфекциялоо керек.<br>7. Эгерде беткап нымдуу болуп, же булганып калса, аны таза жана кургак беткапка алмаштыруу зарыл.<br>8. Беткапты ар бир 2 саатта алмаштырып туруу керек.<br>10.Ар бир структура (факультет, колледж) окуу жайдын, кафедранын/секциянын, аудиториялардын кире бериш жерлеринде беткап режимин катуу сактоо жөнүндө милдеттүү түрдө эскертме кулактандырууларды илиши керек. |
| Физикалык аралыкты сактоо | 1. Адамдардын ортосундагы минималдуу физикалык аралык 1-1,5 метрден кем эмес аралыкта болушу керек. Ошол эле учурда бул физикалык аралык аудиторияларда, фойеде, коридорлордо сакталышы керек.<br>2. Физикалык контакттан, анын ичинде кол берип саламдашуу жана кучакташуудан баш тартуу зарыл.<br>3. Адамдардын топтолуусуна жана адамдар көп чогулган жерлерге барууга убактылуу тыюу салынат. |

| | |
|---|---|
| | 4. Сабактардан кийин жана бош убакытта биргелешип убакыт өткөрүүгө убактылуу тыюу салынат.<br>5. Окутуучулар, студенттер арасында массалык иш-чаралардын өткөрүлүшүнө убактылуу тыюу салынат. |
| Колдун гигиенасы | 1. Факультетке, кафедрага кире беришинде, же ичинде колду дезинфекциялоо үчүн антисептикалык каражаттардын болуусу сунушталат.<br>2. Окуу имараттарынын кире бериш жерлеринде окутуучулардын, кызматкерлердин, студенттердин колдорун антисептиктер менен дезинфекциялоо процедурасы камсыздалашы керек (вахтерлор, дежур мугалимдер жана студенттер) жана бул процедуранын сакталышын көзөмөлдөөнү декандар/директорлор камсыздоосу зарыл.<br>3. Санитардык түйүндөр самын, даарат кагазы камсыздалып, колду дезинфекциялоочу антисептикалык каражаттар менен дозаторлор орнотулушу керек. |
| Жөтөл этикетин сактоо | 1. Жөтөлүү жана чүчкүрүү учурунда оозду жана мурунду бир жолу колдонулуучу салфетка менен жаап, жанында турган адамдардан башка жакка бурулуу керек.<br>2. Салфетка жок болсо оозду чыканак же колдун сырты менен жабуу керек.<br>3. Какырыкты/шилекейди полго түкүрүүгө тыюу салынат. Бир жолу колдонулуучу салфеткаларды пайдалануу сунушталат. |
| Имараттарды желдетүү | 1. Ар бир 2 сааттан кийин сабактан кийин студенттер жок танапис учурда окуу бөлмөлөрүн, лекциялык залдарды желдетип туруу зарыл.<br>2. Аба ырайынын шарттарын эске алуу менен дене тарбия сабактары, спорттук оюндар ачык абада өткөрүлөт.<br>3. Мүмкүнчүлүккө жараша абаны дезинфекциялоо жана тазалоо үчүн атайын шаймандарды (бактерициддик рециркуляторлор, кварц лампалары) колдонуу сунушталат. |
| Имараттарды, жабдууларды, инвентарларды дезинфекциялоо жана санитардык кармоо | 1. Танапис учурунда (күнүнө 2 жолудан кем эмес) жана сабактар бүткөндөн кийин полду, эшиктин туткаларын, эмеректерди, санитардык түйүндөрдү, крандардын вентилдерин, унитаздардын баскычтарын дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоо уюштурулуп турушу зарыл.<br>2. Дезинфекциялоочу каражаттар нускамага ылайык вирустук инфекция үчүн концентрацияны эске алуу менен колдонулушу керек. |
| Студенттерге жана окутуучуларга, | 1. Ар бир факультетте, колледжде көрсөтмө берүү журналы түзүлүп, ага ар бири катталуу менен окутуучуларга, кызматкерлерге коронавирус инфекциясын |

| | |
|---|---|
| кызматкерлерге маалымдоо иш-чаралары | (COVID-19) алдын алуу боюнча көрсөтмөлөр берилүүсү керек.<br>2. Окутуучулар жана студенттер үчүн коронавирус инфекциясын алдын алуу боюнча эскертмелер маалыматтык  такталарда (стенд) жана сайтта жайгаштырылышы керек.<br>3. Ар бир кафедрага окуу жайдагы беткап режимин сактоонун зарылдыгы, кол гигиенасы, жөтөл этикети, физикалык аралыкты сактоо, жеке гигиенанын эрежелери жөнүндө ар бир студентке толук маалымат берүүсү милдеттендирилет.<br>4. Кураторлор студенттерге сунуштар жана эскертмелер менен тааныштыруу аркылуу инфекцияны жуктуруу жана анын белгилери, коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары<br>жөнүндө маалымдоосу зарыл. |
| Обочолонуу - чектөө чаралары | Университетте жана колледжде салттуу формада окутула турган ар бир группага сабактар атайын бектилип берилген аудиторияларда гана окутулушу керек. |